**<u>Коммерциялык банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтер</u>**

Банктык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер төмөнкүлөр үчүн валюталардын түрлөрү боюнча белгиленген (улуттук же чет өлкө валюталары):

- жеке ишкерлердин корпоративдик кардарлары (юридикалык жактар) үчүн;
- жеке кардарлар (жеке адамдар) үчүн.

23 коммерциялык банк тарабынан 2015-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча маалымат сунушталган.

- **Эсептешүү-кассалык тейлөө**

Отчеттук мезгил ичинде жеке адамдар үчүн *<u>эсептешүү эсеби</u>* 7 банктан тышкары, көпчүлүк башка коммерциялык банктарда акысыз ачылган. «Бакай Банк» ААКсында, «Росинбанк» ААКсында жана «Кыргыз Инвестициялык Кредит Банкы» ЖАКта аталган кызматтын наркы 100 сомду түзгөн. «Демир Кыргыз Интернэшнл банк» ЖАКта, «РСК Банк» ААКсында жана «Кыргыз-Швейцария Банкы» ЖАКта кызмат көрсөтүү наркы тиешелүүлүгүнө жараша 0дөн 250 сомго чейин, 0дөн 300 сомго чейин жана 0дөн 500 сомго чейин өзгөрүп турган. «Оптима Банк» ААКсында тариф улуттук валютада 100дөн 200 сомго чейинкини, ал эми эл аралык валютада 100дөн 200 АКШ долларга чейинкини түзгөн.

Төмөндө келтирилген банктар *юридикалык жактар үчүн* төмөнкүдөй тарифтерди белгилеген:

- «Оптима Банк» ААКсы - 100 сомдон 100 АКШ долларына чейин (Бишкек шаары боюнча мультивалюталык эсепти ачуу үчүн, ал эми региондордо - акысыз);
- «Азия Банкы» ЖАК – 0дөн 1000 сомго чейин;
- «Бакай Банк» ААКсы – 200 сом;
- «Демир Кыргыз Интернэшнл банк» ЖАК - 0дөн 500 сомго чейин;
- «Кыргыз Инвестициялык Кредит Банкы» ЖАК - 100 сом;
- «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы – 100 сомдон 200 сомго чейин;
- «РСК Банк» ААКсы - 0дөн 200 сомго чейин;
- «Росинбанк» ААКсы - 100 сом;
- «Бай-Түшүм» Банкы ЖАК- 200 сом;
- «Кыргыз-Швейцария Банкы» ЖАК – 1000 сом.

Калган бардык банктар мындай кызмат көрсөтүүнү акысыз негизде сунушташкан.

2015-жылдын 2-чейрегинде эсептешүү эсебинен улуттук жана чет өлкө валюталарында *<u>нак акча каражаттарын берүү</u>* боюнча тарифтер өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда өзгөрүүсүз калып, нак акчага айландыруу суммасына жараша 0дөн 3 пайызга чейинки деңгээлде катталган.

- **Нак эмес акча которуулар**

*<u>Банктар аралык төлөм системалары боюнча төлөмдөрдү ишке ашыруу.</u>*

2015-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча *<u>эсептешүүлөрдүн гросстук системасында</u>* которууларга тарифтер бир төлөм үчүн 90 сомдон 200 сомго чейин өзгөрүлүп турган. Эгерде кардарга төлөмдү саат 16:30дан кийин жөнөтүү зарыл болсо, анда мындай кызмат көрсөтүүнүн наркы «Кыргызкоммерцбанк» ААКсында 1 100 сомду түзөт. *Клиринг системасы* боюнча төлөмдөрдү иргөө наркы өткөн жылга салыштырмалуу өзгөргөн эмес жана отчеттук мезгил ичинде бир төлөм үчүн 2 сомдон 70 сомго чейинки диапазондо өзгөрүлүп турган. «Кыргызкоммерцбанк» ААКсында кызматтын наркы бир төлөм үчүн 500 сомду түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде «Кыргыз Инвестициялык Кредит Банкы» ЖАК Интернет-банкинг кызматы аркылуу клирингдик төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча кызматтарды төмөнкү тарифтер боюнча сунуштаган:

- 20 000 сомго чейинки сумма үчүн – 2 сом;
- 20 000,01ден 100 000 сомго чейинки суммалар үчүн – 15 сом;
- 100 000,01ден 500 000 сомго чейинки суммалар үчүн– 45 сом;
- 500 000,01ден 1 000 000 сомго чейинки суммалар үчүн – 60 сом.

Отчеттук мезгил ичинде *<u>тике дебеттөө</u>* боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төмөнкү 15 коммерциялык банк сунуштаган, ал эми 2014-жылдын 2-чейрегинде – 17 коммерциялык банк:

1) РК «Аманбанк» ААКсы;
2) «Толубай Банк» ЖАК;
3) «Кыргыз Инвестициялык Кредит Банкы» ЖАК;
4) «КыргызКредитБанк» ААКсы;
5) «РСК Банк» ААКсы;
6) Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы;
7) «ЭкоИсламикБанк» ЖАК;
8) «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы;
9) «Халык Банк Кыргызстан» ААКсы;
10) «Дос-Кредобанк» ААКсы;
11) «Айыл банк» ААКсы;

12) «Бакай Банк » ААКсы;
13) «Капитал Банк» ААКсы;
14) «ДемирКыргызИнтернешнлБанк» ЖАК;
15) «Финанс Кредит Банк» ААКсы.

Отчеттук мезгил ичинде кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы өзгөрүүсүз калып, 3 сомдон 100 сомго чейинкини түзгөн. Айрым банктар мындай кызматтарды акысыз сунушташкан.

Коммерциялык банктардын интернет банкинг жана мобилдик банкинг сыяктуу инструменттерди колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөрү күн санап өнүгүүдө.

*Мобилдик банкинг*

2014-жылдын 2-чейрегинде бул кызматты 6 коммерциялык банк сунуштап келген болсо, отчеттук чейрек ичинде төмөнкү 7 коммерциялык банк сунуштаган:

- «Кыргыз Инвестициялык Кредит Банкы» ЖАКта – кызматка туташуу акысыз, бир ай үчүн абоненттик төлөм наркы улуттук валютада 60 сом, чет өлкө валютасында 1,5 АКШ долларды түзгөн;
- «Халык Банк Кыргызстан» ААКсында – айына 0дөн 150 сомго чейин (мындай кызмат көрсөтүүлөрдү филиалдар гана сунуштайт);
- «ЭкоИсламикБанк» ЖАКта – айына 0дөн 750 сомго чейин;
- «Оптима Банк» ААКсында – кызматка туташуу наркы акысыз, бир ай үчүн абоненттик төлөм наркы – 60 сом.
- «Коммерциялык банк Кыргызстан» ААКсында – айына 1 сомдон 50 сомго чейин;
- «БТА Банк» ЖАта - Элкарт ээлери үчүн СМС билдирүү сунушталат. Төлөм бир ай жана бир жыл үчүн абоненттик төлөм катары алынат:
  - коммерциялык уюмдар жана жеке адамдар үчүн айына – 50 сом, жылына – 500 сом;
  - бюджеттик уюмдар үчүн айына - 30 сом, жылына - 300 сом.
- «Бакай Банк» ААКсы – акысыз.

*Интернет банкинг* – интернет аркылуу банктык эсепке кирүү мүмкүнчүлүгүнүн ыңгайлуу жана заманбап ыкмасы. Отчеттук мезгил ичинде интернет банкинг кызматын 20 коммерциялык банк, ал эми 2014-жылдын экинчи чейрегинде - 15 коммерциялык банк сунуштаган. Отчеттук чейректе тарифтер 0дөн 600 сомго чейин өзгөрүлүп турган. «Росинбанк» ААКсында аталган кызмат көрсөтүү наркы 300 сомдон 1 000 сомго чейин, «Демир Кыргыз Интернэшнл банк» ЖАКта – 0дөн 2000 сомго чейин, «Финанс Кредит Банк» ААКсында – 0дөн 2700 сомго чейин, ал эми «КыргызКредитБанк» ААКсында интернет банкинг кызматын каттоо 2000 сомду түзгөн.

*Башка банктардын кардарларынын пайдасына* улуттук сыяктуу эле, чет өлкө валютасындагы *нак эмес акча которууларга тарифтер* юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн суммасына жараша орточо алганда 0,1 пайыздан - 0,25 пайызды түзүү менен мурдагы деңгээлде сакталып, 2014-жылдын экинчи чейрегине салыштырганда дээрлик өзгөргөн эмес.

*Банк ичинде акча каражаттарын которуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү* көпчүлүк банктар акысыз сунушташкан. «ЭкоИсламикБанк» ЖАК, «Финанс Кредит Банк» ААКсы, «Росинбанк» ААКсы, «БТА Банк» ЖАК, «Азия Банкы» ЖАК, РК «Аманбанк» ААКсы жана «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы сыяктуу банктарда банк ичинде которууларга тарифтер 0,1-0,3 пайызга чейин өзгөрүлүп турган. «ДемирКыргызИнтернешнлБанк» ЖАКта улуттук валютада бир которуу үчүн белгиленген чен – 10 сомду, чет өлкө валютасында – 100 сомду, ал эми «РСК Банк» ААКсында 10 сомду түзгөн.

*Эсеп ачуусуз акча которуулар.*

Кыргызстан калкында акча которуу системасы олуттуу суроо-талапка ээ. Бул системалардын негизги милдети катары дүйнөнүн кайсы болбосун бурчуна акчаны тез жөнөтүү/аны алуу мүмкүнчүлүгү саналат.

Отчеттук мезгил ичинде банктар акча которуунун 12 локалдык системасын (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 14 локалдык системасын) колдонгон:

| № | Коммерциялык банктын аталышы | Системанын аталышы |
|---|---|---|
| 1 | «Айылбанк» ААКсы | Береке |
| 2 | РК «Аманбанк» ААКсы | Беркут |
| 3 | «Капитал Банк» ААКсы | CapitalTransfer |
| 4 | «Азия Банкы» ЖАК | Азия Экспресс |
| 5 | «Банк – Бакай» ААКсы | Бакай - трансфер |
| 6 | «Дос-Кредобанк» ААКсы | Аманат |
| 7 | «БТА Банк» ЖАК | БТА транзит |
| 8 | «Кыргыз Инвестициалык Кредит Банкы» ЖАК | Money Stream |
| 9 | «Коммерциялык Банк Кыргызстан» ААКсы | Аргымак |
| 10 | «РСК-Банк» ААКсы | Кыргызтрансфер |
| 11 | «Эко Исламик Банк» ЖАК | Экоперевод |
| 12 | «Бай Түшүм Банкы» ЖАК | Ылдам |
| 13 | «Кыргыз-Швейцария Банкы» ЖАК | Береке |

2015-жылдын отчеттук мезгили ичинде «Кыргыз Инвестициялык Кредит Банкы» ЖАК калкка төлөм терминалдары аркылуу кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган:

- эсептешүү эсебин улуттук валютада толуктоо – 0 сом, чет өлкө валютасында – толуктоо суммасынын 0,25 пайызы;
- карт эсебин улуттук жана чет өлкө валюталарында толуктоо – 0 сом;
- улуттук жана чет өлкө валюталарында кредит төлөө (эсептешүү эсебин толуктоо) – 0 сом.

Ошондой эле өлкөнүн коммерциялык банктары тарабынан акча которуулардын эл аралык системасынын 16 түрү боюнча кызматтар сунушталган, алардын тарифтери валютанын түрүнө жана алуучу-өлкөгө жөнөтүүгө жараша системанын тарифтик торчосу боюнча белгиленет. Тарифтер системанын түрүнө жана акчанын суммасына жараша 0,1 пайыздан 4,8 пайызга чейин (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 0,1ден 4,5 пайызга чейин) өзгөрүлүп турган. Мында АКБ «Толубай Банк» ЖАКдын тарифтери 24 пайызга чейин, ал эми «Капитал Банк» ААКсында – (чет өлкөлөргө «Western Union» акча которуу системасы боюнча төлөмдөрдү өткөргөн учурда) 26 пайызга чейин жетип турган.

1-таблица. Акча которуулар боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо

| № | Коммерциялык банктын аталышы | WESTERN UNION | MONEY GRAM | CONTACT | ЛИДЕР | UNI STREAM | InterExpress | BLIZKO | БЫСТРАЯ ПОЧТА | АНЕЛИК | CASPIAN | ЗОЛОТАЯ КОРОНА | FASTER | Салам | F5 | Xpress Money | Money Xpress |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | «Айыл банк» ААК | + | + | + | + | + | | | | | | + | + | | | | |
| 2 | «РК Аманбанк» ААК | + | + | + | + | + | | + | | + | | + | | | + | + | |
| 3 | «Оптима Банк» ААК | + | + | + | + | + | | + | | | | + | | | | | |
| 4 | «Капитал Банк» ААК | + | | + | + | + | | + | | + | + | + | + | + | | | |
| 5 | «Азия Банкы» ЖАК | + | + | + | + | + | | + | | + | + | + | + | | | | |
| 6 | «Банк Бакай» ААК | + | + | | + | + | + | | + | | | + | | | | | |
| 7 | «ДКИБ» ЖАК | + | + | | | + | | | | | | + | | | | | |
| 8 | «Дос-Кредобанк» ААК | + | + | + | + | + | | + | | | | + | + | | | | |
| 9 | «БТА Банк» ЖАК | + | + | + | + | + | + | + | | + | + | + | + | | + | | |
| 10 | «Росинбанк» ААК | + | + | + | + | + | | + | | | | + | | | | | + |
| 11 | «Кыргызкоммерцбанк» ААК | + | | + | | | | | | | | | | | | | |
| 12 | «КИКБ» ЖАК | + | | + | + | + | | | | | | + | | | | | |
| 13 | «Кыргызкредит Банк» ААК | + | + | + | + | + | | + | | | | + | | | | | |
| 14 | «КБ Кыргызстан» ААК | + | + | + | + | + | | + | | | | + | + | | | | |
| 15 | Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы | + | | + | | | | | | | | | | | | | |
| 16 | «РСК Банк» ААК | + | + | + | + | + | | | | | | + | | | | | |
| 17 | АКБ «Толубай» ЖАК | + | + | + | + | + | | | | | | + | | | | | |
| 18 | «ФКБ КАБ» ААК | | + | + | + | + | | | | + | | + | + | + | | + | |
| 19 | «Халык Банк Кыргызстан» ААК | + | + | + | + | + | | | | | | + | | | | | |
| 20 | «Экоисламикбанк» ЖАК | + | + | + | + | + | + | + | | + | | + | | | | | |
| 21 | «Бай-Түшүм» Банкы ЖАК | + | | + | + | + | | | | + | | + | | | | | |
| 22 | «КШБ» ЖАК | | | + | + | + | | | | + | | + | | | | | |
| 23 | «ФИНКА Банк» ЖАК | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | Кызматты сунуштаган банктардын жалпы саны | 20 | 16 | 20 | 19 | 20 | 3 | 10 | 1 | 8 | 3 | 20 | 7 | 2 | 2 | 2 | 1 |

2015-жылдын кароого алынган мезгили ичинде коммерциялык банктар тарабынан 2014-жылы иштеген PRIVAT MONEY, COINSTAR, БТФ СОЮЗ, МОПС, ИТБ, BEGOM сыяктуу акча которуу системалары боюнча кызмат көрсөтүүлөр сунушталган эмес. Ал эми «БТА Банк» ЖАК жана РК «Аманбанк» ААКсы 2015-жылдын отчеттук мезгили ичинде «F5» акча которуу төлөм системасы, «Капитал Банк» ААКсы жана «Финанс Кредит-Банк» ААКсы - «Салам» акча которуу системасы, «Росинбанк» ААКсы - Money Express акча которуу системасы боюнча иш алып бара баштаган.

- **Документардык операциялар**

Документардык операциялардын негизги түрлөрүнөн болуп *аккредитивдер, инкассо* жана *банктык гарантиялар* саналат.

Отчеттук мезгил ичинде *аккредитив берүү* боюнча кызматтарды 18 коммерциялык банк жүзөгө ашырган, кызмат көрсөтүү наркы суммасына жараша орточо алганда 0,1 пайыздан 2 пайызга чейинкини түзгөн, мында банктар тарабынан комиссиялык төлөмдөрдүн минималдуу жана максималдуу чеги белгиленген, ал улуттук валютада 2000ден 50 000 сомго чейин, ал эми чет өлкө валютасында 50 АКШ долларынан 1000 АКШ долларына чейин өзгөрүлүп турган.

*Аккредитивди тастыктоо* кызматына тарифтер, негизинен тараптардын макулдашуусу боюнча алынган, айрым банктарда ал 0,1 пайыздан - 0,3 пайызга чейин түптөлгөн, мында комиссиянын минималдуу суммасы 2500 сомду, максималдуу суммасы – 35 000 сомду түзгөн.

*Банктар тарабынан гарантия берүү* кызматынын тарифтери бүтүм суммасына жараша 0,1 пайыздан 8 пайызга чейин өзгөрүлүп турган же чейрек ичинде бир жолу гарантиянын суммасына жараша алынган. Анда төлөмдүн минималдуу жана максималдуу суммасы тиешелүүлүгүнө жараша 1000 жана 30 000 сомду түзгөн.

- **Жол чектери менен операциялар**

Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы отчеттук мезгил ичинде жол чектерин сатуу (берүү) менен иш алып барган. Чек аркылуу нак акча каражаттарын сунуштоо боюнча кызмат көрсөтүү наркы сумманын 3 пайызын, минималдуу комиссия 75 АКШ долларын түзгөн.

- **Банктык төлөм карттарды тейлөө**

Отчеттук чейрек ичинде эмиссия, эквайринг жана төлөм карттары боюнча кардарларды эсептешүү-кассалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү «ФИНКА Банк» ЖАКтан тышкары, бардык коммерциялык банктар сунуштаган.

«Элкарт» улуттук төлөм системасынын карты боюнча төмөнкү коммерциялык банктардан тышкары, 19 банк (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 20 банк) сунуштаган:

- «РСК Банк» ААКсы;
- «Оптима Банк» ААКсы;
- «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы.
- «ФИНКА Банк» ЖАК

Картты колдонуу үчүн эсептерди банктар акысыз ачышкан, мында «Эко Исламик Банк» ААКсы тарабынан – 200 сом, «Айылбанк» ААКсы тарабынан - 100 сом жана «ФинансКредитБанк» ААКсы тарабынан - 90 сом белгиленген. АКБ «Толубай» ЖАКта өзгөчө дизайны менен «Элкарт» картын берүү 280-350 сомду түзгөн. «Элкарт» банктык төлөм картынын өзгөчөлүгү катары, анын социалдык долбоорлорду ишке киргизүүдөгү жеткиликтүүлүгү, ошондой эле банкомат жана терминал түйүнү инфраструктурасынан кеңири пайдалана алуу мүмкүнчүлүгү саналат.

2-таблица. Банктардын «Элкарт» картын тейлөө боюнча тарифтери

| № | Коммерциялык банктын аталышы | Эсепти ачуу | Карт берүү | Акчалай берүү (суммадан % ) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Айыл банк» ААК | 0-100 сом | 0-100 сом | 0-0,6% |
| 2 | «РК Аманбанк» ААК | акысыз | акысыз | 0,35-0,6% |
| 3 | "Капитал Банк" ААК | акысыз | 100-230 сом | 0,3-0,6% |
| 4 | «Азия Банкы» ЖАК | акысыз | 0-100 сом | 0-0,6% |
| 5 | «Банк Бакай» ААК | акысыз | акысыз | 0,5-0,6% |
| 6 | «Дос-Кредобанк» ААК | акысыз | 0-120 сом | 0-0,6% |
| 7 | «БТА Банк» ЖАК | акысыз | 0-120 сом | 0-0,6% |
| 8 | «Росинбанк» ААК | акысыз | акысыз | 0-0,6% |
| 9 | ИБ «Ысык-Көл» ААК | акысыз | 100 сом | 0,35-0,6% |
| 10 | «КИКБ» ЖАК | акысыз | акысыз | 0-0,6% |
| 11 | «Кыргызкредит Банк» ААК | | | 0-0,6% |
| 12 | «КБ Кыргызстан» ААК | акысыз | акысыз | 0,4-0,6% |
| 13 | Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы | акысыз | 70 сом | 0-0,6% |
| 14 | АКБ «Толубай» ЖАК | акысыз | 100сом | 0,3-0,6% |
| 15 | «ФинансКредитБанк» ААК | акысыз | 80 сом | 0,50% |
| 16 | «ЭкоисламикБанк» ЖАК | 0-200 сом | 0-200 сом | 0-0,6% |
| 17 | «Манас Банк» ЖАК | акысыз | 100-120 сом | 0-0,6% |
| 18 | «Бай Тушум» Банкы ЖАК | акысыз | акысыз | 0,3-0,6% |
| 19 | «Манас Банк» ЖАК | акысыз | 100-120 сом | 0-0,6% |
| 20 | «Бай Тушум» Банкы ЖАК | акысыз | акысыз | 0,3-0,6% |

**жылдык тейлөө үчүн комиссия*

Төртүнчү чейректе «Росинбанк» ААКсы «Union Pay» кытай төлөм системасынын төлөм карттарын чыгаруу жана тейлөө ишин улантkан.

Ошентип, «Visa», «MasterCard» жана Union Pay эл аралык төлөм карттарын чыгаруу жана тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төмөнкү 11 коммерциялык банк сунуштаган. Отчеттук мезгил ичинде «Росинбанк» ААКсы жана «Азия Банкы» ЖАК «Visa» карттарын чыгара баштаган.

3-таблица. Банктардын эл аралык төлөм карттарын тейлөө боюнча тарифтери

| № | Коммерциялык банк | Эсепти ачуу | Картты берүү (чыгаруу) | Нак акчага айландыруу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Оптима Банк» ААКсы | Акысыз | Карттардын түрлөрүнө жараша VISA – 0-50 АКШ долл. чейин (карттын түрүнө жараша камсыздандыруу депозит – 0-100 АКШ долл.; жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-500 АКШ долл.) | 0,2-0,7% |
| 2 | ЗАО "Банк Азии" | бесплатно | VISA International – бесплатно (комиссия за годовое обслуживание – 0-2000 сом; 0-20 USD) | 0-1,0% |
| 3 | «Банк Бакай» ААКсы | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 5-99 АКШ долл.) | 0,7-1,25% |
| 4 | «Демир Кыргыз Интернэшнл банк» ЖАК | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold, Platinum –акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-5000 сом) | 0,0-2,0% |
| 5 | «БТА Банк» ЖАК | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 5 -120 АКШ долл.) | 0,5-1,25% |
| 6 | «Росинбанк» ААКсы | Акысыз | Union Pay – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия: VISA – 20-2000 сом, Union Pay - 200-1000 сом) | Visa - 0,5-1 %, UnionPay - 0,5-2% |
| 7 | «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы | Акысыз | Карттардын түрлөрүнө жараша VISA/MasterCard – 3-100 АКШ долл. чейин (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 5-130 АКШ долл.) | VISA/Master Card 0,5-2,0% |
| 8 | «Кыргыз Инвестициялык Кредиттик Банк» ЖАК | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-70 АКШ долл.) | 0,5-1,5% |
| 9 | «КБ Кыргызстан» ААКсы | Акысыз | Карттардын түрлөрүнө жараша VISA – 0-300 сомго чейин АКШ долл. (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-1000 сом) | 0,3-1,5% |
| 10 | «РСК Банк» ААКсы | 0-900 сом, ылдам эсеп ачуу - 2500 сом | VISA (бардык түрлөрү) – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-4000 сом) Master Card - акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-2000 сом) | VISA/ Master Card 0,5-1% |
| 11 | «Халык Банк Кыргызстан» ААКсы | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-11830 сом) | 0,3-1,4% |

«Золотая Корона» системасы боюнча 3 коммерциялык банк иш алып барган. Аталган система боюнча тарифтер жыл башынан бери дээрлик өзгөрүүсүз калган. Бул система боюнча эсепти ачуу жана картты берүү 0дөн 500 сомго чейинкини түзгөн. Нак акчага айландыруу боюнча тарифтер 0дөн 2,0 пайызга чейин өзгөрүлүп турган:

- «РСК Банк» ААКсы;
- «Коммерциялык банк Кыргызстан» ААКсы;
- «Эко Исламик Банк» ЖАК.

- **Депозиттер боюнча операциялар**

*Юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн депозиттер боюнча пайыздык чендер*

Отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктар мөөнөттүү жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттерге калктын (юридикалык жактардын жана жеке адамдардын) аманаттарын кабыл алган:

*Юридикалык жактар үчүн:*

- талап боюнча төлөнүүчү депозиттер орточо алганда улуттук валютада 0 – 5 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 0 – 3 пайызга чейин өзгөрүлүп турган (2014-жылдын ушул эле мезгилинде улуттук валютада 0 – 2 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 0 – 1 пайызга чейин);
- улуттук валютада 3 – 6 айга чейинки депозиттер 3%дан 15%га чейин, чет өлкө валютасында 0,5%дан 12%га чейин өзгөрүлүп турган (2014-жылдын экинчи чейрегинде – тиешелүүлүгүнө жараша 2-15% жана 0,1-12%);
- улуттук валютада 6 – 12 айга чейинки депозиттер 2%дан 15%га чейин, чет өлкө валютасында 1%дан 12,5%га чейин өзгөрүлүп турган (2014-жылдын ушул эле мезгили ичинде тиешелүүлүгүнө жараша улуттук валютада 2,5-15% жана чет өлкө валютасында 0,5-12,5%);
- 12 айдан жогору улуттук валютадагы депозиттер 2,5%-17,45% чейин, чет өлкө валютасында 1%-16,33% чейинкини түзгөн (2014-жылдын тиешелүү мезгилинде улуттук валютада 2,5%-16,0% чейин жана чет өлкө валютасында 1%-14,76% чейин).

*Жеке адамдар үчүн:*

- улуттук валютадагы жана чет өлкө валютасындагы талап боюнча төлөнүүчү депозиттер 0%-5% чейин өзгөрүлүп турган (2014-жылдын тиешелүү мезгил ичинде тиешелүүлүгүнө жараша 0,3% жана 0,2%);
- улуттук валютадагы 3 – 6 айга чейинки депозиттер 2,8%-15% чейин, чет өлкө валютасында 0%-12% чейин өзгөрүлүп турган (2014-жылдын ушул эле мезгил ичинде тиешелүүлүгүнө жараша 1-15% жана 0,4-12%);
- улуттук валютадагы 6 – 12 айга чейинки депозиттер 2,1%-15%га чейин, чет өлкө валютасында 0,5% – 13,0% чейин өзгөрүлүп турган (2014-жылдын ушул эле мезгилинде тиешелүүлүгүнө жараша 4-15% жана 0,6-18%);
- улуттук валютадагы 12 айдан жогору депозиттер 2,5%-18% чейин, чет өлкө валютасында 1-16,3%га чейин (2014-жылдын ушул эле мезгил ичинде тиешелүүлүгүнө жараша 2,5-17,5% жана 1-15%) түзгөн.

- **Кредиттер боюнча операциялар**

*Кредиттер боюнча пайыздык чендер (жылдык эсептөөдө)*

Отчеттук мезгил ичинде 23 коммерциялык банк кредиттерди берүүнү жүзөгө ашырган. «ЭкоИсламикБанк» ЖАК ислам принциптери боюнча каржылоону ишке ашырган.

Банктардын кредит берүү жана кредиттик линия ачуу үчүн комиссиялык төлөмү кредит суммасынан 0%-2%га чейинкини түзгөн. Мында, айрым банктарда кредитти пролонгациялоо үчүн комиссиялык төлөм 5 пайыз чегинде катталган.

Кредиттин түрлөрү боюнча пайыздык чендер төмөнкү диапазондордо өзгөрүлүп турган:

- улуттук валютада ипотекалык кредиттөө 16 пайыздан 35 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 12 пайыздан 27 пайызга чейин (2014-жылдын 2-чейрегинде улуттук валютада 2,1%-42,4%га чейин, чет өлкө валютасында 1,8%-37,5%га чейин) өзгөрүлүп турган.
- улуттук валютада керектөө кредиттери жылына 16,5 пайыздан 36 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 12 пайыздан 35,5 пайызга чейинкини түзгөн (2014-жылдын тиешелүү мезгил ичинде улуттук валютада 2,9 пайыздан – 37,0 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 2,9 пайыздан 36,0 пайызга чейин).
- бизнести өнүктүрүүгө кредиттер – улуттук валютада жылына 9 пайыздан 36 пайызга чейин, чет өлкө валютасында жылына 12 пайыздан 33 пайызга чейин катталган (2014-жылдын тиешелүү мезгил ичинде улуттук валютада 2,1 – 42,4 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 2,9 – 36 пайызга чейинкини түзгөн).

Ислам принциптери боюнча каржылоонун алкагында, «ЭкоИсламикБанк» ЖАКтын ипотекалык кредиттеринин үстөк баасы улуттук валютада 2,3 – 94,1 пайызга чейинкини, ал эми чет өлкө валютасында 1,7 – 65,7 пайызга чейинкини түзгөн, ошол эле учурда керектөө кредиттери боюнча - 2,9 – 40,4 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 2,4 – 33 пайызга чейин катталган. Банк отчеттук мезгил ичинде бизнести өнүктүрүүгө да кредиттерди сунуштаган, ал боюнча пайыздык чендер улуттук валютада 2,9 – 62,8 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 1,8 – 37,5 пайызга чейин өзгөрүлүп турган.

2015-жылдын отчеттук чейрек ичинде ипотекалык кредиттерди кошо алганда, курулушка жана турак жай сатып алууга кредиттерди 15 коммерциялык банк сунуштаган. Керектөө кредиттерди 22 банк, бизнести өнүктүрүү үчүн кредиттерди 23 банк сунуштаган.

2015-жылдын 2-чейрегинде «Азия Банкы» ЖАК «овердрафт» кредиттерин 20 пайыздан 36 пайызга чейин улуттук жана чет өлкө валютасында сунуштаган.